Сманбаев Ө. А.

# ПЕДАГОГИКАЛЫК КЕСИПКЕ КИРИШҮҮ



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
УНИВЕРСИТЕТИ

СМАНБАЕВ Ө. А.

# ПЕДАГОГИКАЛЫК КЕСИПКЕ КИРИШҮҮ

БИШКЕК - 2018

УДК 37.0
ББК 74.00
С 50

И.Арабаев атындагы КМУнун окуу методикалык бирикмеси тарабынан сунушталган.

Рецензенттер: Чоров М.Ж, — педагогика илимдеринин доктору, рофессор.
Усенгазиева Г.С — педагогика илимдеринин кандидаты доцент

Сманбаев Ө.А.
С 50. Педагогикалык кесипке киришүү: (Окуу колдонмо). — Б.: 2018 — 78 б.

ISBN 978-9967-469-35-8

Бул окуу методикалык колдонмодо педагогикалык кесип жана анын өзгөчөлүктөрү, ага коюлган талаптар, өзүн-өзү тарбиялоонун каражаттары ж.б.у.с. маселелер каралган. Колдонмо студенттерге сунуш кылынат.

С 4303000000-18

ISBN 978-9967-469-35-8

УДК 37.0
ББК 74.00
@ Сманбаев Ө.А.,2018

## КИРИШҮҮ

Азыркы кездеги коомдогу социалдык—экономикалык өзгөрүүлөрдүн шарттарында өлкөбүздүн билим берүү системасын реформалоого багытталган мамлекеттик концептуал-дык документтер кабыл алынган. Мамлекеттик программаларды ишке ашырууда квалификациялуу даярдыгы бар адис мугалимдердин ролу чоң. Республикабызда «Билим берүү жөнүндөгү», «Мугалимдин статусу жөнүндөгү» мыйзамдардын кабыл алынышы педагогдордун социалдык ролун жогорулатып, коомубуздун өнүгүүсүнө ылайык келген жаңы милдеттерди койду. Мына ушуга байланыштуу алдыңкы педагогикалык технологияны колдонуп, чыгармачылык менен иштей билген педагогдорго болгон мектептердин муктаждыктары улам барган сайын өсүүдө.

Азыркы кездеги билим берңңгө коюлган жаңы талаптар келечектеги мугалимдерден терең теориялык, методологиялык, практикалык жана психологиялык даярдыкты талап кылат. Бул проблеманын чечилиши педагогикалык окуу жайларда. келечектеги кесип ээлерин даярдоонун деңгээлин жакшыр-туу менен тыгыз байланышат. Мына ушуга байланыштуу окуу колдонмо төмөндөгң максаттарды көздөйт:

– студенттерди мугалимдик кесиптин коомдогу ролу жана анын иш аракетинин маңызы, өзгөчөлүктөрү менен тааныш-тыруу;

– алардын теориялык билимдерге, практикалык көндүмдөргө, билгичтиктерге ээ болуусуна негиз түзүү;

– студенттерге педагогикалык кесипке ээ болууда өзүн-өзү тарбиялоо, өз билимин көтөрүү мааниге ээ боло тургандыгы жөнүндөгү ишенимди калыптандыруу ж.б.